**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж.№ 07 Бишкек ш.

**Экономика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №28 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 385 токтомунун (№ 6э/к-4/5 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин 08.00.01 – экономикалык теория; 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишмердиктин тармактары жана чөйрөлөрү боюнча) адистиги боюнча мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Токторбаева Калина Авлабековна; 08.00.10 – каржы, акча жүгүртүмү жана насыя адистиги боюнча мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Жапаров Турдубек Турдалиевич; 08.00.10 – каржы, акча жүгүртүмү жана насыя, 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Акылбекова Нелли Ильинична Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишмердиктин тармактары жана чөйрөлөрү боюнча) адистиги боюнча мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, доцент Токсобаев Булат Темирбекович жогорудагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын жана экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин төрагасынын орун басарлыгынан бошотулсун.
3. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин банк иши жана салык салуу кафедрасынын профессору, экономика илимдеринин доктору, профессор Идинов Кубанычбек Идинович 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (авторефераты боюнча) адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

4. К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Экономика жана финансы факультетинин деканы, экономика илимдеринин доктору, профессор Савин Виктор Евгеньевич 08.00.01 – экономикалык теория (авторефераты боюнча), 08.00.10 – каржы, акча жүгүртүмү жана насыя (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин жана эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары болуп дайындалсын.

5. Экономика илимдери боюнча эксперттик кеңештин окумуштуу катчысы Макеева Светлана Болотовнага Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын президиумунун 2022-жылдын 2-июнундагы чечими менен экономика илимдеринин доктору окмуштуулук даражасы берилгендигине байланыштуу 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу; 08.00.10 – каржы, акча жүгүртүмү жана насыя адистиктери боюнча (авторефераты боюнча) экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу берилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**